УДК 821.512.122.09:929
DOI 10.35254/bsu/2025.71.17

***Досыбаева А. Б.***
*КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы*
*Тил жана адабият институту,*
*докторант*

# ЖҮСҮПБЕК АЙМАУЫТ УУЛУ – ӨНӨРЛҮҮ ИНСАН

**Кыскача мазмуну**

Макала казак элинин улуу жазуучусу Жүсүпбек Аймауыт уулунун көп кырдуу чыгармачылыгын, психологиялык романдын негиздөөчүсү жана таланттуу драматург катары изилдейт. 1920-1930-жылдардагы окуялардын контекстинде адабиятчынын ишмердүүлүгү талданат. Чымкент мезгилине өзгөчө көңүл бурулат, бул учурда "Акбилек" романы жана педагогикалык окуу куралдары сыяктуу негизги чыгармалары жаралган. Изилдөө методологиясы архивдик документтерди, каттарды жана өмүрүндө жарыяланган эмгектерди үйрөнүүгө негизделген. Жазуучунун чыгармачылыгындагы мекенчил мотивдердин маанилүүлүгү, анын ичинде биринчи казак гимнинин авторлугу аныкталган. Жазуучунун чыгармачыл өмүр баянын толук калыбына келтирүү үчүн архивдик материалдарды жана кол жазмаларды андан ары изилдөө зарылдыгы белгиленет. Натыйжалар Аймауыт уулунун мурасы, кыска өмүрүнө карабастан, Казакстандагы улуттук адабият менен педагогикалык ойдун өнүгүшүнө негиз түзгөнүн көрсөтөт.

**Түйүндүү сөздөр:** казак адабияты, психологиялык роман, мекенчилдик, Чымкент, педагогикалык мурас, улуттук өзгөчөлүк, адабий жаңычылдык, куугунтукталган жазуучу, маданий агартуу, интеллектуалдык мурас

***Досыбаева А. Б.***
*НАН КР Институт языка и литературы*
*им.Ч.Айтматова,*
*докторант*

# ЖУСУПБЕК АЙМАУЫТ УУЛУ – ТАЛАНТЛИВАЯ ЛИЧНОСТЬ

**Аннотация**

Статья исследует многогранное творчество Жусупбека Аймауыт уулу, основоположника психологического романа и талантливого драматурга. Анализируется деятельность литератора в контексте событий 1920-1930-х годов. Уделяется внимание чимкентскому периоду его жизни, когда были созданы ключевые произведения, такие как роман «Акбилек» и методические пособия по педагогике. Методология работы основана на изучении архивных документов, эпистолярного наследия и прижизненных публикаций. Выявлена значимость патриотических мотивов в творчестве писателя, включая авторство первого казахского гимна. Подчеркивается необходимость дальнейшего изучения архивных материалов и рукописей для полноценной реконструкции творческой биографии писателя. Результаты показывают, что наследие Аймауыт уулу, несмотря на

его короткую жизнь, заложило фундамент развития национальной литературы и педагогической мысли в Казахстане.

**Ключевые слова:** казахская литература, психологический роман, патриотизм, Чимкент, педагогическое наследие, национальная идентичность, литературное новаторство, репрессированный писатель, культурное просвещение, интеллектуальное наследие

***Dosybaeva A. B.***
*National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*
*of the Institute of Language and Literature*
*named after Ch.Aitmatov,*
*Doctoral candidate*

## JUSUPBEK AIMAUT UULU IS A TALENTED PERSON

**Abstract**

This article explores the multifaceted work of Zhusupbek Aimauyt uulu, the founder of the psychological novel and a playwright. His activities are analyzed in the context of 1920-1930s events, focusing on the Shymkent period when he created the novel "Akbilek" and pedagogical manuals. The research methodology involved examining archival documents, epistolary heritage, and lifetime publications. The significance of patriotic motifs in his work is revealed, including his authorship of the first Kazakh Anthem. The necessity of studying archival materials to reconstruct the writer's creative biography is emphasized. His legacy laid the foundation for national literature and pedagogical thought in Kazakhstan.

**Keywords:** kazakh literature, psychological novel, patriotism, Shymkent, pedagogical heritage, national identity, literary innovation, repressed writer, cultural enlightenment, intellectual legacy

Ж.Аймауыт уулунун жазуучу катары калыптанышына сереп салсак, биринчиден, анын туулуп-өскөн чөйрөсүнүн өнөргө жакындыгына чоң таасир берген.

Ж. Аймауыт уулу бул тууралуу: “*Айылдагы өзүм курактуу балдарга караганда эрте окуганды үйрөндүм. Хисса, ыр китептерди көп окучу элем. Кадыкеш апамдын бир сандык хиссасы бар эле. Кыштын узак кечтеринде атам биринчи Кадыкешке, андан кийин Акат экөөбүзгө хисса окутуп отурчу эле*” [1, 16-б] деп жазат. Ж. Аймауыт уулунун өмүрү жана коомдук-саясий кызматы, чыгармачылыгы жөнүндө айтылган, жазылган ой-пикирлер XX кылымдын башында эле басма сөз беттеринде жана архивдик булактарда көп кездешкен.

Ж. Аймауыт уулу – көп изденген чыгармачыл инсан. Кайда, кандай жагдай болбосун ылгабай көлөмдүү жана чакан чыгармаларды жарата алган. Ал Ташкентте жүргөн мезгилинде макаладан тартып, ыр, аңгеме, пьеса, котормо сыяктуу адабияттын ар кандай жанрында үзүрлүү эмгектениптир.

Жазган чыгармаларын мурунку «Ак жол» гезитине (азыркы «Түштүк Казакстан» гезити) жана ошол мезгилде чыккан «Шолпан» журналына жарыялап турган.

Кайсы жанрдагы чыгармасы гана болбосун, алардын өзөгүн Тараз, Чымкент, Акмешит – Ташкент аймагындагы ар кандай тарыхый окуялар, көтөрүлүштөрдүн учурундагы ар түрдүү тагдырлар түзөт.

Жазуучунун чыгармаларын окуп оту-

руп Чымкент аймагынын ар кандай тарыхы, адамдардын тагдыры, канткеде эл болобуз, элдүүлүктүн жөнү эмнеде сыяктуу жан дүйнөнү козгогон суроолорго жооп табылат.

Түштүктө агартуу ишин өнүктүргөн керемет жазуучу Жүсүпбек Аймауыт уулу өмүрүнүн бир бөлүгү Ташкентте өткөн. Ал кезде «бул казак эли», «бул кыргыз эле», «бул өзбек эли» деген түшүнүк болгон эмес.

Мустафа Шокай дайыма колдонгон бирдиктүү «Түркстан мухтарияты» деген түшүнүк бар. Анын курамына Батыш Түркстандык түрк тилдүү улуттар менен элдер кирет. Кийин Орто Азия деп аталган. Алардын арасында иран-фарс эли менен тектеш тажик туугандар да бар. «Түркстан мухтариятын» куруучулардын кыялы кандай сонун эле, чиркин!?Алардын кеңеш өкмөтүнө кирген Россия менен катар өнүгүү, ынтымактуу, улуу эл болуу кыялы болгон.

Ал кезде Оренбург казак элинин борбор шаары болгон. Азыркы мезгилдегидей алыскы татар, башкырт, чуваш элин түрк дүйнөсүнөн бөлгөн жасалма коргон эмес болчу. Оренбург — орус эли (шаардын өзүндө) көбүрөөк болбосо эле, аркы жагын татар, башкырт кеңири жердеп, берки жагын казак эли жайлаган казактын аймагы, казактын түшүмдүү жери, урпагынын жери! «Түркстан мухтариятынын» максаты да Оренбургдун аркы жагы менен берки жагын идеялык байланышта кармап, саясий жактан бирдиктүү түзүлүш куруу эле.

Башкыртстандык татар ишмери Мирсайд Султангалиевдин да негизги максаты да ушул! Казактардан бул идеяны алгачкылардан болуп Турар аттуу ишмер өзгөчө колдогон. Аттиң, кийин кызыл кысым кыйнап, керек болсо өз идеясына өзүн каршы койду. Кызыл большевиктин идеясынын курманы болгон.

Орто Азия биримдигинде федерация куруу идеясын алга чыгарган казактын көрүнүктүү ишмери Султанбек Кожон уулу болгон.

Кызыл большевиктер Алаш ордону кысымыга алганда тайманбас, эр жүрөк эрлер, азыр аты аталбай калган М.Дулатов, Х.Болганбаев, Х.Досмухамедов, М.Жумабай уулу, Жүсүпбек Аймауыт уулу сыяктуу инсандар Алаш шаарынан Ташкентке агылып жөнөшкөн. Ташкентте С.Кожановдун аракети менен ачылган «Шолпан» журналы, «Ак жол» гезитине келип иштеп калышкан. Алардын ичинен Жүсүпбек Аймауыт уулу Алаштын гимнин жазган.

Кеңеш өкмөтү үчүн «кооптуу» инсан Жүсүпбек Семей жеринде туруктуу отурукташып калбаган сыяктуу эле Ташкент шаарында да узакка тура алган эмес. Сары жыгачта бир аз токтоп Чымкенттен конуш тапкан. Чымкенттеги алгачкы педагогикалык окуу жайын ачып, директорлук милдетти аткарып, өзү белсенип сабак берген.

Публицистикалык, көркөм чыгармалар менен бирге өзү аталган окуу жайда сабак берип жүрүп казак тилиндеги туңгуч «Психология» (өзү ошондой атаган - Д.А.) окуу китебин жазган. Мындан башка да көптөгөн эмгектерди жараткан.

Улуттун акыл-оюн, парасатын калыптандырган да — ушул инсандар. Алар — заманандын желинен, каарынан коркпогон, чындыктан качып буйтабаган, сабыры түгөнбөгөн, майда нерселерге көңүл бурбаган, кара башына караңгы түшсө да мөгдүрөбөгөн, көкүрөгүн, сыр-сандыгын таза карамаган, өнөрдү өркүндөтүп, илимди өргө сүйрөгөн өзгөчө талант ээлери.

Мындай инсандар өмүр кандай кайнап жатса да, убакыт кандай өзгөрсө да багытын алмаштырбайт, тарыхтын тамырын дал басат. Эл башына күн түшүп, багытын таппай жаңылганда эң алды менен жол башчыларды издегени, аларга чоң үмүт артканы да ошондон болсо керек.

Өз кезегинде ойчул Абайдын: “Жакшы менен жаманды айырмаладың, Бирде кан, бирде май болуп эки ууртуң”– деп муңга

батышы жөн жерден эмес [2, 18-б].

Оомалуу-төкмөлүү замандарда асыл менен жаманды айырмалай албай канчалаган алптар көз жаздымда калганы акыйкат. Чындыгында, аларды да «бул улутчул» деп күнөөлөп, бардыгы Сибирге айдалган, кээ бири атылып кеткен, досу, тууганы, иниси болуп маңдайында жүрүп, замана айныганда замана менен бирге айнып чыга келген адам келбет аюулар. Ошол мезгилде, Кеңеш мезгилиндеги тоталитардык системанын курманы болуп, жазыксыз жапа чеккен казак адабияты менен маданиятынын ишмерлерин актоо жөнүндө Өзбекали Жанибеков башында турган токтомдун кабыл алынышынын мааниси чоң.

Алаштын ардактууларынын арасында Жүсүпбек Аймауыт уулу да толук акталып, өзүнүн баа жетпес мол мурасы менен арабызга кайра кошулган.

Жүсүпбек Аймауыт уулу – элдин багына бир эле жаралган инсан. Анын казактын коомдук турмушуна, маданияты менен адабиятына, илимине сиңирген эмгеги чоң.

Жыйырманчы-отузунчу жылдары казактын кайраттуу жаштары элин, жерин көз карандысыз, өз алдынча өлкө кылабыз деп канча аркет кылышты. Алардын улуттук деми, мекенчилик сезими ушунчалык күчтүү болчу. Ошондой азаматтардын бири – Жүсүпбек Аймауыт уулу! Ал казактын алгачкы гимнин жазган. Айылдан борборго чейин жаштар Жүсүпбектин «Гимнин» ырдар эле. Аскерлер да Жүсүпбектин «Гимнин» талбай аткарышкан. Ошону менен бирге Жүсүпбек «Жаштар маршын» да жазган [3]. Ал маршты аскерлер колун шилтеп катарда басып бара жатканда ырдашкан.

Казагым, кайгырба, кыйналба!
Эл болор камыңды амалда!
Кетти түн, атып таң, чыгып күн
Сал малды, сал жанды аянба!

Мал баккан, жай жаткан эл элек,
Мээнетти көп тарткан эр элек,
Каны жат, тили жат, дини жат
Жат элден таякты жейт белек.

Баарына бай элек, кен элек
Багы жок бийликке ким элек,
Партия эки жүздүү, ызы-чуу,
«Башы аман» наадан экенсиң.

Чаалыккан, талыккан чагында
Тап болду боштондук багыңа
Партия эки жүздүү, ызы-чуу,
«Башы аман» наадан экенсиң.

Зарыккан, талыккан чагында
Тап болду боштондук багыңа!
Уюмдаш, ураандаш, жакалаш!
Сен да мин бабаңдын тагына!

Кунуң жок, кордукта өчүп сен,
Терезең төрө менен болду тең.
Намыстан, кайраттан, катарга кир!
Башкадан эмнең сенин кем?

Урааным, коргонум, сен Алаш!
Жолуңа курмандык мал менен баш!
Өнөр тап, өргө чап, курал карма.
Аллалап алга баш, ал Алаш!!!-
деп боштондукка чакырып ураан
ырын жазды.

Жүсүпбек Аймауыт уулу – Алаш ордону баштап жүргөн сыяктуу болгон инсан. Анын «Ураан-ырын, «Гимнди», «Жаш аскер» маршын жазып жүргөнү ага далил боло алат [4]. Жүсүпбек Аймауыт уулу койлорду баштап жүргөн эркечтей болуп, Алаш ордонун өкүлдөрүнүн арасынан биринчилерден болуп атылып кеткен адам.

Жүсүпбек Аймауыт уулу — белгилүү акын, мыкты прозачы. Анын ичинде казак адабиятында роман жанрынын калыптанышына жол салгандардын бири, казактын тунгуч психологиялык романын баштаган санаткер, казактын алгачкы драматургдарынын бири, мыкты публицист, чыгарманы ичине кирип талдаган таланттуу сынчы.

Ар бир улуттун классиктеринин чыгармалары кайда, кандай жагдайда жазылганы атайын изилдөөгө алынат. Жада калса айлана-чөйрөнүн, кырдаалдын чыгармачылыкка тийгизген жакшы жана жаман таасирлери да тизмектелип айтылат.

Жүсүпбек Аймауыт уулу – улуттук адабиятыбыздын классиги. Ошондуктан анын көлөмдүү жана чакан чыгармаларынын бардыгы илимий жактан изилдөөгө алынышы керек.

Ал эми ырда — мыкты лирик. Айрым ырларында гана патетикалык илептеги публицистикалык патриоттук лирикага басым жасайт. Ал тургай, анын патриоттук ырлары таза пафоско негизделбейт, ал ырдын ичине кирип, лирикалык маанайда жазат. Замандашы, үзөңгүлөш досу Магжан Жумабай уулу менен салыштырганда Жүсүпбектин ырларында публицистикалык жанрга басым жасалып, таасирдүү келет. Жүсекеңдин ырлары өзү туулуп өскөн жерде дүйнөгө келген деп айтууга болот. Кийин Кийин Жүсүпбек Аймауыт уулу түштүккө кетип иштеп жүргөн кезинде поэзиядан прозага көп көңүл бурганын байкоого болот.

Ал эми прозада — мыкты аңгемечи, аңгеме жанрынын чебери. Ошону менен бирге психологиялык аңгеме Жүсүпбектен башталат. Калемгердин «Жидебайдын окуясы», «Жагымдуу сүрөттөр», «Жаңы өмүргө кадам шилтеди», «Оралдан поезд өткөндө», «Намыян», «Тиникейди эмне ойлондурат?», «Нагима», «Койчу Таштамак», «Соп-соп» сыяктуу аңгемелери түштүк Казакстанда – Чымкент шаарында жарыкка чыгып, «Түштүк Казакстан» өзүнүн тарыхын баштаган «Ак жол» гезитинде алгачкы жолу жарыяланган [5].

«Күникейдин жазыгы» деген психологиялык жана философиялык повести да ошол Чымкент шаарында жаралып, «Жаңы адабият» («Жылдыз») журналында жарыяланган. «Акбилек» деген казактын тунгуч психологиялык романы да Чымкент шаарында, педагогикалык окуу жайында сабак берип жүрүп жазылган. Автор ошол «Акбилек» романы тууралуу Машхүр Жүсүп Көпеевге мындай деп айтып берген: «*Үйдөн сыртка чыкпаганыма эки жарым ай болду. Эмне кылдым? «Кылуатта» жатып бир роман жазып бүтүрдүм, өзүңүз көргөн «Карт кожодон» эки эсе көлөмдүү болот. Оюмдун баары, ынтаам рухум ошол романда болуп, таптакыр жинди кишидей болуп калыптырмын, досторумду, жолдошторумду, агайын журтту унутуп кала жаздадым. Күндү кандай өткөзөт десеңиз, мындай: таң эртең саат сегизде турамын да, чай ичип, жумушка балдарды окутууга жөнөйм. Күнүнө алты саат бала окутам. Саат үчтө үйгө келем, тамак ичем. Андан кийин уктаймын. Саат алты-жетилерде ойгоном. Чай ичем. Анан жазууга отурам. Ошол отургандан түнкү саат эки-үчкө чейин отуруп калам. Абдан чарчаганда барып уктайм. Мына, эки жарым айдай көргөн жашоом - ушул*» [1, 27].

Мына Чымкент шаарынан өзү туулган жери Баянтоого, атактуу агартуучу акын, философ, фольклорчу Машхүр Жүсүп Көпеевке ушундай мазмунда деп кат жазган. Бул жазма сыпаты менен абдан баалуу болуп саналат. Алды менен «Ак билектей» романы жазуучунун гана эмес, жалпы казак адабиятынын жаңы багыт башында турган өтө мыкты чыгармасынын Чымкент шаарында жазылганын айтып, ачыктап жатат. Ошону менен катар, айтылуу романды кандай жазганын чебер жазуучу катары лабораториялык сыпатта баяндап берет. Жазма – казак жазуучуларынын арасынан чыгарманы кандай убакта, кандай жазганын жазуучулук сыр кылып ачкан алгачкы профессионалдык табылга деп билебиз. Жазуучу романды күндүз Чымкент педагогикалык окуу жайынын шакирттерине сабак берип жүрүп, кийин түштүктө жогорку окуу жайдын ачылышына себепкер болгон. Ал кезде са-

налуу гана «орто окуу» жайларынын иштерин уюштуруп жүрүп, аарсынан эптеп убакыт таап, бир колу менен сабак берип, бир колу менен роман жазган. Жүсүпбек Аймауыт уулу мына, ошондой өтө чабыттуу жазуучу болгонун жогоруда айтылган Машхүр Жүсүпке жолдонгон эпистолярдык жазмалар далилдейт.

Жүсүпбек Аймауыт уулу казак турмушунун өзөк мәселелерин көтөргөн күчтүү публицистикасын да ошол түштүк аймакта, «Пушкин көчөсүндөгү 9- үйдө» отуруп жазган эле.

Аягында өзү тууралуу мындай жазат: «*Эң алгач басылган сөзүм, 1913- жылы болсо керек, бир акмак алып сатар болуш болом деп, элге бир месте чай алпарып, аны куу адамдар болуш коёбуз деп, чайларын алдап алып, куру кол кайтканын жазган элем. Бул кабар «Казак» гезитинде басылып чыгат. Ошол кабардын басылып чыгышы калем кармап калганыма чоң себеп болду*» -деген (С.Садуакасовдун анкетасына жооп) «Өзүм тууралуу мааламат» деп аталган автобиографиялык чыгармасынын аягында «*Чымкент 1928-жыл*.» -деп кол койгон экен [1, 29].

Алгач ирет казак жеринде жан дүйнөнү изилдеген илимге жол ачып, психология илимине негиз салган «Психология» окуу китеби да ошол биздин Чымкент шаарында, педагогикалык окуу жайында сабак берип жүрүп, билим алуучулардын кулк-мүнөзүнө байкоо жүргүзүп жүрүп жазылган эле. Аталган эмгегин улап, окуучуларга кандай сабак өтүү керек, тарбияны кандай жол менен берүү керек, сабакты кандай мээге киргизүү керек экендиги тууралуу методикалык эмгек да жазган. Бул эмгек дагы улуу жазуучунун аталган окууу жайда сабак берип жүрүп, өзүн тажрыйбасынын негизинде жазылган алгачкы методикалык курал болуп саналат. Ал эмгекте азыркы Жамбыл, түштүк Казакстан, Кызылорда (Ал кезде баары бир аймакка караган -Д.А) балдарынын аты-жөнү көрсөтүлүп, жазмалары берилет. Кээ бирин мактайт, кээ бирин сындайт. Окутуучу берген тапшырманың аткарылуу деңгээли аталган методикалык эмгекте ар тараптуу ачылып берилет. Байкаганыбыздай, бул «Тарбияга жетекчи» деген методикалык курал Чымкент шаарындагы педагогикалык окуу жайында окуган шакирттерди билимге байлаган тарбия тууралуу жазылган эмгек.

Жыйынтыктап айтканда, Жүсүпбек Аймауыт уулундай улуу жазуучу биздин түштүк аймак менен байланыштарган маанилүү булак, маалымат. Көрүнүп тургандай, казак адабияты менен илимине өтө чоң үлүш кошкон, бир топ чыгармасын түштүктө жанын сабап чуркап жүрүп жараткан, жазган. Ошондуктан Жүсүпбек Аймауыт уулун билбей калууга мүмкүн эмес. Анын чыгармачылыгын үзбөй изилдеп, көпчүлүккө кеңири таанытып, түштүк Казакстандын илим, билим, агартуусунун башында турган улуу инсанды кийинки муундун аң-сезимине киргизүүбүз зарыл.

Ж. Аймауыт уулу жарык дүйнөдө бар болгону кырк эки жыл гана өмүр сүргөн. Бирок, ошол аз өмүрүндө өзгөчө таланты менен терең билиминин аркасында улут руханиятынын тарыхында өзүнүн өтө кызыктуу, өтө белгилүү, бай чыгармачылык өчпөс изин, бай казынасын калтырганга үлгүргөн. Аттиң, чыгармачылык мүмкүнчүлүгү ар тараптуу ачылып, өнүгүп, өсүп жаткан чагында алдына керме тартылды да өнөрлүү калемгер атылып кетти. Алаштын канчалаган “келбестин кемеси менен түбөлүк сапарга аттандырган” саясий кыргындан аман калганда маданият, адабият дүйнөсүнө көптөгөн баалуу көркөм чыгармалар, илимий-агартуучулук иштер, келечеги кең эмгектер келип кошулмак эле.

### Адабияттар

1. Қирабаев, С. Жүсіпбек Аймауытов / С. Қирабаев. – Алматы : Ана тілі, 1993. – 220 б. – Текст : непосредственный = Кирабаев, С. Жусупбек Аймаутов / С. Кирабаев. – Алматы : Ана тили, 1993. – 220 с. – Текст : непосредственный.
2. Құнанбаев, А. Шығармалары / А. Құнанбаев. – Алматы : Жазушы, 2002. – 296 б. – Текст : непосредственный = Кунанбаев, А. Сочинения / А. Кунанбаев. – Алматы : Жазушы, 2002. – 296 с. – Текст : непосредственный.
3. Аймауыт уулу, Ж. Жас көсемдер маршы / Ж. Аймауыт уулу // Жас қазақ. – Ташкент, 1924. – № 2-3. – Б. 107-108. – Текст : непосредственный = Аймаут уулу, Ж. Марш молодых вождей / Ж. Аймаут уулу // Жас казах. – Ташкент, 1924. – № 2-3. – С. 107-108. – Текст : непосредственный.
4. Аймауыт уулу, Ж. Шығармалары / Ж. Аймауыт уулу. – Алматы : Жазушы, 1989. – 560 б. – Текст : непосредственный = Аймаут уулу, Ж. Сочинения / Ж. Аймаут уулу. – Алматы : Жазушы, 1989. – 560 с. – Текст : непосредственный.
5. Аймауыт уулу, Ж. Повесттер мен әңгімелер. Аудармалар : бес томдық шығармалар жинағы. Т. 2 / Ж. Аймауыт уулу. – Алматы : Ғылым, 1997. – 272 б. – Текст : непосредственный = Аймаут уулу, Ж. Повести и рассказы. Переводы : собрание сочинений в пяти томах. Т. 2 / Ж. Аймауыт уулу. – Алматы : Гылым, 1997. – 272 с. – Текст : непосредственный.